**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
« 10 » май 2022 жыл
№863/1 буйругу менен
Каттоо № 8
Коду 200274

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 050303 «Чет тили»**

**Квалификациясы: Башталгыч класстын чет тил мугалими**

**Бишкек 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **050303 “Чет тили”** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.
2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модул** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенция** - тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- **чегерим бирдик (кредит)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсы уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык денгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **050303 “Чет тили”** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке

ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4.**050303 "Чет тили"** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.

## 3-глава.Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **050303 "Чет тили"** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан окуу;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт.Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10жана 11-

класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриенттер окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **050303 “Чет тили”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**050303 “Чет тили”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый-илимий билимдин негиздеринин жаатында, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик жактан адистешкен, атайын кесиптик билим алуусу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек базарындагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана кесиптик компетенцияларга ээ болуусуна даярдоо.

**050303 “Чет тили”** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- студенттердин социалдык-инсандык сапаттарынын калыптануусун максаттуулук, уюштуруучулук, эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, баймабайлык, айкөлдүк, алардын жалпы маданияттуулук деңгээлин жогорулатуу.

12. **050303 “Чет тил”** адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт башталгыч жалпы билим берүү программасын ишке ашыруу процессинде кенже мектеп жашындагы балдарды окутуу жана тарбиялоо ишмердигинин тармактарын өзүнө камтыйт:

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү болуп төмөнкөлөр эсептелет :

- Чет тил сабагын башталгыч класстарда жалпы билим берүүнүн программалары боюнча окутуу;
- Башталгыч класстарда чет тили боюунча сабактан тышкаркы ишмердиктерди уюштуруу;
- билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоо.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- башталгыч мектепте билим берүү программасын ишке ашыруунун милдеттерин, мазмунун, методдорун, каражаттарын, технологиялык окутуу процесси ;
- окуучулардын сабактан жана класстан тышкаркы ишмердиктерин уюштуруу ;
- окуучуларды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча өз кесиптештери жана социалдык өнөктөштөрү, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен өз ара кызматташууну уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору жана формалары;
- билим берүү процессине тиешелүү документтер менен иштөө.

14. Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик иштин түрлөрү кызыкдар болгон иш берүүчүлөр менен бирдикте кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыгуучу анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

15. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө ылайык кесиптик милдеттери:

**Чет тилин башталгыч жалпы билим берүүнүн программалары боюнча окутууда:**

- башталгыч класс окуучуларын окутууга жана тарбиялоого коюлган максаттарга жетүүнү ишке ашыруу;
- чет тилин окутуудагы өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуучуларды окутуу жана тарбиялоону ишке ашыруу;

- коммуникативдик чет тилин практикада лингистикалык билимдерин колдоно билүү;
- чет тил сабагында балдардын өнүгүүсүнүн, билим алуусунун, жана тарбия алуусунун деңгээлин баалоонун жана талдоонун негизинде педагогикалык процессти проектирлөө, пландаштыруу жана аны ишке ашыруу;
- башталгыч класстын окуучуларын бүт предметтер боюнча окутууга зарыл болгон билгичтиктерди жана ыкмаларды талапка ылайык билүү;
- түрдүү формадагы сабактарга усулдук ыкмаларды колдонуп жана өз алдынча иш жүргүзүүнү уюштуруу;;

**Сабактан тышкаркы ишмердиктерди уюштурууда:**

- гумандуу педагоикалык чөйрөнү камсыздоо;
- чет тилинин башталгыч класстарынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен кызматташа алуу;
- башталгыч касстардын окуучуларын сабактан тышкаркы мезгилде ар түрдүү иш чараларды уюштуруп өткөрүү;

**Билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоодо:**

- өзүнүн кесиптик билимин дайыма өркүндөтүп турат;
- өзүнүн билимин өркүндөтүүнүн жана өзүн-өзү тарбиялоонун билгичтиктерине жана ыкмаларына ээ болот;
- окутуунун ар түрдүү усулдарын, көрсөтмө куралдарды колдоно алат;
- окутуунун ыкмаларын, техникалык каражаттарды жана компьютердик техниканы колдонууну билет;
- усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгүндө ж.б. ар түрдүү усулдук иштерге катыша алат;
- чет тили кабинетинин жабдылуусу боюнча паспортизациялоо;
- окуу процессин жакшыртууда чет тил кабинетин көрсөтмө куралдар менен камсыз кылат;

16 . Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүгү.

Кесиптик орто билим берүүнүн **050303 “Чет тили”** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун тийиштүү адистиги жана ага жакын багыттар боюнча тездетилген мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө чет тили кабинетинин жабдылуусу боюнча паспортизациялоо;

Адистиги: Чет тили Квалификациясы: Башталгыч класстын чет тили мугалими. (жолдомонун негизинде 550000 «Педагогикалык билим берүү», бакалавр 550300 «Филолологиялык билим берүү»).

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен, адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;
- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы

аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар)коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмутарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын,илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо,окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин элективдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.
23. Студенттер кесиптикорто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.
24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.
25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан ашпоосу керек.
26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.
27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.
28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. **050303 “Чет тили”** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы компетенциялар (ЖК):**

**ЖК1.** Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

**ЖК2.** Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

**ЖК3.** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

**ЖК4.** Кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

**ЖК5.** Командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

**ЖК 6.** Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

**ЖК7.** Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

**ЖК8.** Чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу. жалпы компетенциялардын тизмеси адистиктин профилине ылайык толукталышы мүмкүн.

**ЖК9.** Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттикжана расмий тилде туура далилдүү жана так тузүүгө жөндөмдүү;

**ЖК10.** Саламаттыкта жашоо үчүн жаратылышты коргоо жана анын ресурстарын максаттуу пайдалануу үчүн керектүү алган билимин пайдаланууга жөндөмдүү.

**б) кесиптик компетенциялар (КК):**

**1. Педагогикалык ишмердүүлүктө:**

**КК1.** Чет тилини фонетикасын,грамматикасын лексикасын билет;

**КК2.** Чет тил сабактарын уюштурат жана өтөт.

**КК3.** Чет тилин үйрөтүүдө сабактарга негизги максат койот жана аны аныктайт;

**КК4.** Тексттерди окуп которуу диалог түзүү ,суроолорго жооп берүү угуу,окуу,сүйлөө жазуу жөндөмдөрү.

**КК5.** Чет тилиндеги сабактарды талдоо;

**КК6.** Чет тилин үйрөнүүдө жаңы усулдарды, техникалык каражаттарды жана компьютердик техниканы колдоно алат;

**КК7.** Педагогикалык этиканы сактаганга даяр.

**2. Сабактан тышкаркы ишмердиктерди уюштурууга тиешелүү компетенциялар:**

**КК8.** Сабактан тышкаркы иш чараларды ата энелер менен бирдикте өткөрүү;

**КК9.** Окуучулардын чет тили боюнча ишмердигин,баарлашуу процессин жана анын натыйжаларын ата энелер менен бирдикте балоо,аларды көзөмөлдөө;

**КК10.** Ар түрдүү иш чараларды уюштуруу жана өткөрүү;

**КК11.** Келечектеги кесибинин мүнөзүн жана коомдук маанисин түшүнүү жана кызыгуу;

**3. Билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоого тиешелүү кесиптик компетенциялар:**

**КК12.** Билим берүү стандартынын жана үлгү программанын негизинде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу, окуу-методикалык комплекти тандоо.

**КК13.** Кабинетте предметтик өнүгүү чөйрөсүн түзүү;

**КК14.** Чет тил сабагында педагогикалык тажрыйбаны системага салат жана баалайт;

**КК15.** Англисче класста окутуу тажрыйбасын системалаштыруу жана баалоо.

**КК16.** Кесиптик жана инсандык өнүгүүнүн милдеттерин өз алдынча аныктоо, өз алдынча билим алуу, педагогикалык иштеп чыгууларды доклад, реферат, баяндама түрүндө түзө билүү;

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

**Блок 1** Дициплиналар (модулдар):

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер циклы;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия

**Блок 2** “ Практика”

**Блок 3** “Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация”.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул макетке тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыгат.

31. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана элективдик бөлүккө ээ болушу керек. элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Элективдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана(же)илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Окумуштуулук даражасы жана/же наамы бар окутуучулардын жалпы санынын 10 % га жакынын акыркы 10 жылдан ашык мезгилде тиешелүү багыт боюнча тажрыйбаларга ээ болгон, алдыңкы жетекчи кызматтарда иштеген адистер алмаштыра алат.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/ багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун **050303 "Чет тили"** билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек,курстук,практикалык,лабораторедук иштерге 1 студентке бир данаа усулдук колдонмо. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

Окуу китептери жана методикалык колдонмолор ГОС СПОнун талаптарына ылайык жумушчу программаларынын негизинде аныкталат.

Окуу китептеринин ордуна лекциялардын.электрондук китептердин көбөйтүлгөн көчүрмөлөрүн колдонсо болот.

Окуу методикалык адабияттар төмөндөгүдөй болушу керек:

- гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналардын колдонулган адабияты акыркы 5 жыл аралыгында чыгарылган
- математика жана табигый илимдери кесиптик дисциплиналардын колдонулган адабияты акыркы 10 жыл аралыгында чыгарылган.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун **050303 "Чет тили"** окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. Окутуунун эки смендик болушу менен ар бир окуучуга 7 кв.м кем эмес аянт туура келиши керек.

## БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕ

### кабинеттердин, лабораториялардын жана кааналдардын минималдуу тизмеги:

**а) жалпы билим берүу цикл үчүн:**

- Кыргыз тили жана адабияты (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска);

- Орус тили жана адбияты (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска, компьютер менен жекече интернетке чыгуу (1:1));
- Чет тил (көргөзмө куралдар, создуктор, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска, жечеке компьютер (1:1));
- Математика (көргөзмө куралдар сөздүктөр, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска);
- Информатика (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска, жекече компьютер (1:1));
- Кыргызстан тарыхы (көргөзмө куралдар, карталар, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска);
- Манас таануу (көргөзмө куралдар, Манас томдору);
- Тарых (көргөзмө куралдар, карталар, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска);
- География и экология (көргөзмө куралдар, дуйно жузунун картасы, глобус, карталар, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска,)
- Физика (көргөзмө куралдар, приборлор);
- Химия (көргөзмө куралдар, приборлор);
- АЧД (көргөзмө куралдар, проектор, Калашников автоматынын макети, противогаздар, респираторлор, маскалар, химиялык жана радиоактивдүү коргоочу костюмдар, замбилдер, шиналар ж.б);
- Социалдык-экономикалык дисциплина (көрсөтмө куралдар, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска)

**б) кесиптик цикл үчүн:**

- чет тили кабинеттери; башталгыч класстардын чет тилин окутуунун усулу: (басма каражаттар: алфавит (дубал таблицасы), билим берүүнүн ар бир деңгээли үчүн стандарттарда камтылган грамматикалык материалдын негизги бөлүмдөрүнө грамматикалык таблицалар);
- өлкө таануу (үйрөнүлүп жаткан тилдин (өлкөлөрдүн) карталары, изилденип жаткан тилдин өлкөнүн (өлкөлөрүнүн) желектери, пейзажын, шаарларын, айрым кооз жерлерин чагылдырган фотосүрөттөрдүн топтому) окулуп жаткан тил, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска.

**в) атайын жабдылган кабинеттер:**

- чет тили жана аны окутуунун усулу кабинеттеринин жабдылуусу; көрсөтмө куралдар, лингафондук жабдуулар, интернет булактарына туташтырылган компьютерлер,(1:1), көрсөтмө куралдар, сөздүктөр, дидактикалык жана таратма материалдар, интерактивдүү доска, мультимедиялык проектор, доска, аудио-видео менен жабдылышы керек, билим берүүнүн ар кандай деңгээлдери үчүн стандартта берилген темаларга ылайык келген материалдар, видеороликтер, оюн компьютердик программалары (окулган тилдерде), электрондук окуу

китептери, чет тилдердеги практикумдар жана мультимедиялык окутуу программалары.

**г) жалпы:**

- спорт зал, кеңири профилдеги ачык стадион;
- китепкана,окуу залы, электрондук китепкана интернет булактарына туташтырылган (1:1);
- акты залы(жыйындар залы);
- ашкана;
- медпункт.

35. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинети аныктай турган кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат..

Тиркеме 1

**Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү прогрммасынын түзүмү**

| **Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү программасынын түзүмү** | | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1жыл 10-ай | 2жыл 6-ай | 2 жыл 10-ай | 3жыл 6- ай | 3жыл 10-ай |
| Блок 1 | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык табигый илимдер циклы.<br>III. Кесиптик цикл. | 99 | - | - | - | - |
| | Дене тарбия ( жумасына 2 саат көрсөтүлгөн семестр боюнча) | 3-5 семестр | - | - | - | - |
| Блок 2 | Практика | 15 | - | - | - | - |
| Блок 3 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 6 | - | - | - | - |
| Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | | 120 | - | - | - | - |

Тиркеме 2

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**Кесиптик орто билим берүүнүн болжолдуу окуу планы**

**Адистиги:** 050303 «Чет тили»

**Квалификациясы:** Чет тил мугалими

**Окуу мөөнөтү:** 1 жыл 10 ай (11 класстын базасында).

| № п/п | Предметтердин аталышы | жалпы жүктөм | | семестр боюнча бөлүнүшү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы | саат боюнча | 2 курс | | 3 курс | |
| | | | | 3 сем | 4 сем | 5 сем | 6 сем |
| | | кредит боюнча | жалпы | 15-18 жума | 15-18 жума | 12-18 жума | 9-18 жума |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| **Базалык бөлүк** | | **15** | **450** | | | | |
| 1.1 | Кыргыз тил жана адабияты | 3 | 90 | | X | | |
| 1.2 | Орус тили | 2 | 60 | X | | | |
| 1.3 | Чет тили | 2 | 60 | X | | | |
| 1.4 | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 | | X | | |
| 1.5 | Манас таануу | 2 | 60 | X | | | |
| 1.6 | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | X | | |
| **Элективдик бөлүк 3 кредит** | | | | | | | |
| **1.7** | | **3** | **90** | **X** | **X** | | |
| | **БАРДЫГЫ** | **18** | **540** | **7** | **11** | **0** | **0** |
| **Базалык бөлүк** | | **4** | **120** | | | | |
| 2.1 | Кесиптик математика | 2 | 60 | X | | | |
| 2.2 | Информатика | 2 | 60 | | X | | |
| **Элективдик бөлүк 2 кредит** | | | | | | | |
| **2.3** | | **2** | **60** | X | | | |
| | **БАРДЫГЫ** | **6** | **180** | **4** | **2** | **0** | **0** |
| **Базалык бөлүк** | | **60** | | | | | |
| 3.1 | Латын тили | 2 | 30 | X | | | |
| 3.2 | Теоретикалык фонетика | 2 | 60 | X | | | |
| 3.3 | Негизги чет тили | 11 | 330 | X | X | X | X |
| 3.4 | Тил илими | 2 | 60 | X | | | |
| 3.5 | Теоретикалык грамматика | 4 | 120 | | X | X | |
| 3.6 | Өлкө таануу | 2 | 90 | | | X | |
| 3.7 | Башталгыч класстарда чет тилин окутуунун усулу | 8 | 240 | X | X | X | X |
| 3.8 | Окутулуп жаткан өлкөнүн балдар адабияты | 4 | 120 | | | X | X |
| 3.9 | Стилистиканын негиздери | 2 | 60 | | | X | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.10 | Лексикология | 2 | 60 | | | X | |
| 3.11 | Үйдөн окуу | 4 | 120 | | X | X | |
| 3.12 | Педагогика | 5 | 150 | X | X | | |
| 3.13 | Психология | 4 | 120 | X | X | | |
| 3.14 | Курактык педагогикалык психология | 2 | 60 | | | X | |
| 3.15 | Пед чеберчилик | 2 | 60 | | | | X |
| 3.16 | Курактык анатомия, физиология жана гигена | 2 | 60 | X | | | |
| 3.17 | Өмүрдүн коопсуздугу | 2 | 60 | | X | | |
| | **БАРДЫГЫ 3.1** | **60** | **1800** | **16** | **16** | **19** | **9** |
| **3.2 Элективдик бөлүк 15 кредит** | | 15 | 450 | X | X | X | X |
| | **БАРДЫГЫ 3.2** | **15** | **1** | **3** | **6** | **5** | **5** |
| | **ЖАЛПЫ 1-БЛОК БОЮНЧА** | **99** | **2970** | **27** | **28** | **23** | **20** |
| | Дене тарбия(*) | | | **X** | **X** | **X** | |
| | Окуу практика | 2 | 60 | **X** | | | |
| | Педагогикалык практика | 7 | 210 | | | X | |
| | Диплом алдындагы практика | 6 | 180 | | | | **X** |
| | **ЖАЛПЫ 2-БЛОК БОЮНЧА** | **15** | **450** | **2** | | **7** | **6** |
| | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 2 | 60 | | X | | |
| | Жыцынтыктоочу мамлекеттик экзамен | 4 | 120 | | | | X |
| | **ЖАЛПЫ 3-БЛОК БОЮНЧА** | **6** | **180** | | **2** | | **4** |
| **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |
| | **Сынактардын саны** | | | **8-10** | **8-10** | **8-10** | **8-10** |
| | **Курстук иштердин саны** (**) | | | | | | |

(*) дене тарбия жалпы сыйымдуулугуна кирбейт (жумасына 2 жолу)
(**) курстук иш жалпы сыйымдуулугуна кирбейт (окуу графигине ылайык)

Ушул кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **050303 “Чет тили ”** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты базалык орто кесиптик окуу жайы катары Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңешмеси тарабынан иштелип чыкты жана жактырылды.